**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо министрлигинин**
**алдындагы Дары каражаттары жана**
**медициналык буюмдар**
**департаментинин директорунун**
**орун басары**
**Кысанов Т. А.** ____________
«10» ____март____ 2022-ж.

# ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

## ГЕЛИСАЛ

**ДАРЫ ПРЕПАРАТЫНЫН СООДАДАГЫ АТАЛЫШЫ**
Гелисал, сироп, 27,78 мг/5 мл

**ЭЛ АРАЛЫК ПАТЕНТТЕЛБЕГЕН АТАЛЫШЫ**
Кадимки чырмоок жалбырактарынын кургак экстракты

**ДАРЫНЫН ТҮРҮ**
Сироп.
Анис-чөп жыттуу, сары-күрөң түстөгү коюу суюктук.
Тунманын пайда болушуна жана будөмүк тартышына жол берилет.

**ДАРЫ ПРЕПАРАТЫНЫН КУРАМЫ**
5 мл сиропто төмөнкүлөр камтылат:
активдүү зат: кадимки чырмоок жалбырактарынын кургак экстракты (*Hederae helicis folii extractum siccum,* DER 4–8:1) – 27,78 мг. Экстрагент этанол 30% м/м.
көмөкчү заттар: пропиленгликоль, калий сорбат, кристаллдашпаган суюк сорбитол (E420), лимон кислотасынын моногидраты, ксантан камеди, анис жыпар жыт бергичи, макрогол глицерилгидроксистеараты, тазартылган суу.

**ФАРМАДАРЫЛЫК ТОБУ**
Жөтөлдү жана суук тийүүнү дарылоо үчүн препараттар, какырыкты чыгаруучу препараттар.
**АТХ коду:** R05CA12

**ФАРМАКОДИНАМИКАСЫ**
Гелисал – өсүмдүктөрдөн жасалган дары препараты, ал өзүнө активдүү зат болгон чырмоок жалбырактарынын экстрактын камтыйт. Какырыкты чыгаруучу,

муколитикалык жана колконун жылма булчуңдарына алсыз спазмолитикалык таасир берет. Кургак эмес жөтөлдө какырууну жана какырыктын чыгуусун жеңилдетет. Дем алуу жолдорунун какырыктан бошонуусунун жардамы менен дем алуунун жакшы болуусуна, жөтөлдүн басаңдоосуна жана кетүүсүнө көмөк көрсөтөт.

**ФАРМАКОКИНЕТИКАСЫ**
Маалыматтар жок.

**КОЛДОНУУГА КӨРСӨТМӨЛӨР**
Кургак эмес жөтөл учурунда какырыкты чыгаруучу каражат катары колдонулган, өсүмдүктөрдөн жасалган дары препараты.

**КАРШЫ КӨРСӨТМӨЛӨР**
Активдүү затка же *Araliaceae* өсүмдүктөр түркүмүнө, ошондой эле дары препаратынын бардык курам бөлүктөрүнө жогорку сезгичтик реакциясы.
Респиратордук симптомдордун оордошуу коркунучунан улам, 2 жашка чейинки балдар.

**КОЛДОНУУ ЖОЛУ ЖАНА ДОЗАСЫ**
*Дары препаратты кошмо-баракчага, дарыгердин же фармацевттин сунуштоолоруна ылайык колдонуу керек.*
*Кандайдыр бир шектенүүлөр пайда болсо, дарыгерге же фармацевтке кайрылуу керек.*


Дозалар
*Өспүрүмдөр, чоңдор жана улгайган бейтаптар*
5 мл (толтурулган шприц-дозатор) сиропту (бул чырмоок жалбырактарынын кургак экстрактысынын 27,78 мг ылайык келет) суткасына 1-3 жолу.
*6-12 жаштагы балдар*
2,5 мл (½ шприц-дозатор) сиропту (бул чырмоок жалбырактарынын кургак экстрактысынын 13,89 мг ылайык келет) суткасына 2-3 жолу.
*2-5 жаштагы балдар*
1,6 мл (⅓ шприц-дозатор) сиропту (бул чырмоок жалбырактарынын кургак экстрактысынын 8,89 мг ылайык келет) суткасына 2-3 жолу.

2 жашка чейинки балдарды дарылоо үчүн каршы көрсөтүлгөн («Каршы көрсөтмөлөр» бөлүмүн караңыз).

Колдонуу жолу
Ичип кабыл алынат.

***Эгер бейтап препаратты колдонуу учурунда, анын күчтүү же алсыз таасирин сезип жатса, дарыгерге кайрылуусу керек.***

**Шприц-дозаторду колдонуу боюнча нускама**




1. Флакондун капкагын бурап чыгаруу керек (төмөндү көздөй басып жана сааттын жебесине каршы бурап).
2. Дозаторду флакондун башындагы тешикке орнотуу керек.
3. Дозаторду толтуруу үчүн, флакондун түбүн өйдө каратып, андан кийин дозатордун поршенин акырындык менен төмөндү көздөй тартып, дарынын керектүү өлчөмүн шприцке сордуруп алуу керек.
4. Флаконду кайра өзүнүн алгачкы абалына көңтөрүп, андан дозаторду этияттык менен бурап чыгаруу керек.
5. Дозатордун учун ооз көңдөйүнө келтирип, андан кийин поршенди жай басып, ичиндегисин куюу керек.
6. Колдонуп бүткөндөн кийин флакондун капкагын жакшылап жаап; дозаторду жууп жана кургатып коюу керек.

<u>Колдонуунун узактыгы</u>

Эгер дары каражатын колдонуп баштагандан тартып, жөтөл бир жумадан ашык сакталып жатса, дарыгер же фармацевт менен кеңешүү керек.

**ЖАГЫМСЫЗ РЕАКЦИЯЛАР**

Ар бир дары препараты сыяктуу эле, Гелисал да жагымсыз реакцияларды козгошу мүмкүн, андыктан алар бардык эле бейтаптарда пайда боло беришпейт.

Ашказан-ичеги жолу тарабынан реакциялар жөнүндө маалымдалган (көңүл айнуу, кусуу, ич өтүү). Жыштыгы белгисиз.

Аллергиялык реакциялар жөнүндө маалыматтар бар (бөрү жатыш, тери бөртмөсү, беттеги кызыл тактар, кыйналып дем алуу). Жыштыгы белгисиз.

<u>Жагымсыз реакциялар тууралуу маалымдоо</u>

Жогоруда көрсөтүлгөн жагымсыз реакциялардын бири же бул кошмо-баракчада көрсөтүлбөгөн башка жагымсыз көрүнүштөр пайда болгон учурда, алар тууралуу

дарыгерге же фармацевтке маалымдоо керек. Кыйыр реакциялар тууралуу мындай маалымдоолордун жардамы менен препаратты колдонуунун коопсуздугу тууралуу кеңири малымат чогултуп алууга болот.

## ӨЗГӨЧӨ КӨРСӨТМӨЛӨР

*Дары препаратын кабыл алып баштаардын алдында, дарыгер же фармацевт менен кеңешүү керек.*

Узакка созулган, же кайталанган жөтөлү бар 2-4 жаштагы балдарды дарылап баштаардын алдында дарыгер менен кеңешүү керек.

Демигүү, калтыратма жана ириң аралаш какырык учурунда дарыгер же фармацевт менен кеңешүү керек.

Дарыгер менен алдын ала кеңешпестен, опиаттарды камтыган жөтөлгө каршы, кодеин же декстрометорфан сыяктуу препараттар менен коштоп колдонуу сунушталбайт.

Гастрити же жара оорусу бар бейтаптарга этияттык менен колдонуу керек.

**Препаратты колдонууну өткөрүп алуу**

Препараттын өткөрүп алган дозасын толуктоо максатында эки дозаны колдонууга болбойт.

**Дары препаратынын кээ бир курам бөлүктөрү тууралуу маанилүү маалымат**

Препаратта сорбит камтылат. 5 мл препаратта 4,2 г кристаллдашпаган суюк сорбитол камтылат (Е420), бул болсо 2,94 г сорбитке туура келет, бул болсо болжол менен 0,36 НБ туура келет.

Препарат фруктозаны тукум куучулук көтөрө албастыгы бар бейтаптар тарабынан колдонулбашы керек.

Диабети бар бейтаптар үчүн маалымат

Сиропто кант камтылбайт, диабети бар бейтаптар тарабынан кабыл алынса болот.

## КОШ БОЙЛУУЛУК, БАЛА ЭМИЗҮҮ, ФЕРТИЛДҮҮЛҮК

*Эгер бейтап айым кош бойлуу болсо, бала эмизип жатса, кош бойлуулукка шектенип жатса же кош бойлуу болууга даярданып жатса, ал препаратты колдонуунун алдында дарыгер же фармацевт менен кеңешүүсү зарыл.*

Кош бойлуулук жана бала эмизүү учурунда коопсуздугу белгиленген эмес. Жетиштүү маалыматтар жок болсо, кош бойлуулук жана бала эмизүү мезгилинде колдонуу сунушталбайт.

Бала төрөй турган функцияга таасир берүүсү тууралуу маалыматтар жок.

## УНАА КАРАЖАТТААРДЫ БАШКАРУУ ЖАНА МЕХАНИЗМДЕР МЕНЕН ИШТӨӨ ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮНӨ ТААСИР БЕРҮҮСҮ

Авто унааны башкаруу жана механизмдерди пайдалануу жөндөмдүүлүгүнө таасир берүүсү боюнча изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес.

## АШЫКЧА ДОЗА

*Симптомдору*

Ашыкча доза көңүл айнууну, кусууну, ич өтүүнү жана чочулоо сезимин козгошу мүмкүн.

Өсүмдүктүн 1,8 г чийки затына ылайык келген чырмоок экстрактын байкабай кабыл алуудан кийин 4 жаштагы балада агрессивдүү жүрүм-турумдун жана ич өтүүнүн бир учуру тууралуу маалымдалат.

*Дарылоо*

Ашыкча дозалануу учурунда дарыгерге кайрылуу керек.

Дарыгер симптомдорго жараша дарылоону жүргүзүп, бейтаптын абалына кылдат көзөмөл жүргүзүшү керек.

**БАШКА ДАРЫ ПРЕПАРАТТАРЫ МЕНЕН ӨЗ АРА ТААСИРИ**

*Бейтап учурда кабыл алып жаткан, мурда кабыл алган, ошондой эле кабыл алайын деп жаткан бардык дары каражаттары тууралуу дарыгерине же фармацевтке маалымдоосу керек.*

Башка дары каражаттары менен өз ара аракеттешүүсү тууралуу маалымдалган эмес.

Алдын ала кеңешпей туруп, опиаттарды камтыган кодеин же декстрометорфан сыяктуу жөтөлгө каршы препараттар менен чогуу колдонуу сунушталбайт.

**ЖАРАКТУУЛУК МӨӨНӨТҮ**

2 жыл.

Флаконду биринчи жолу ачкандан кийин препаратты 6 айдын ичинде колдонуу керек.

Жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин колдонууга болбойт.

Жарактуулук мөөнөтү көрсөтүлгөн айдын акыркы күнүн билдирет.

*Дары препараттары канализацияга агызууга же таштанды урнасына ыргытууга болбойт. Колдонулбай калган дары препараттарды эмне кылуу керек экендигин фармацевттен сураңыз. Бул нерсе айлана чөйрөнү коргоо үчүн маанилүү болуп саналат.*

**ЧЫГАРУУ ФОРМАСЫ ЖАНА ТАҢГАКЧАСЫ**

Балдардын ачып алуусуна тоскоолдук кылган коопсуздук шайманы жана кепилдик шакекчеси бар бурала турган полиэтилен капкакчасы менен тыгындалган, адаптери бар күрөң түстөгү полиэтилен флакондордо 100 мл сироп. Флаконго этикетка чапталат. Ар бир флакон кошмо-баракчасы жана пероралдык түрдө кабыл алуу үчүн шприц-дозатору менен кошо картон кутучасына салынат.

**САКТОО ШАРТЫ**

Өзүнүн таңгакчасына 25°Сдан жогору эмес аба табында сактоо керек. Флаконду тыгыз жаап сактоо керек.

Балдар жетпеген жана көрбөгөн жерде сактоо керек.

**ДАРЫКАНАЛАРДАН БЕРҮҮ ШАРТЫ**

Рецепти жок.

**КАТТОО КҮБӨЛҮГҮН КАРМООЧУ**
Фармацевтикалык завод «ПОЛЬФАРМА» АК
Пельплиньска көч., 19, 83-200 Старогард Гданьски, Польша

**ӨНДҮРҮҮЧҮ**
Фармацевтикалык завод «ПОЛЬФАРМА» АК
Серадзда Медана бөлүмү
Владислава Локетка көч., 10, 98-200 Серадз, Польша

**Кыргыз Республикасынын аймагында дары каражаттын коопсуздугуна каттоодон кийин көзөмөл жүргүзүүгө жооптуу уюмдун аталышы, дареги**
Кыргыз Республикасында «Химфарм» АК өкүлчүлүгү
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш, Орозбеков көч., 52-54, 3-кабат
Телефон номери +996312621251
Электрондук почтанын дареги: pvh-kg@santo.kz